| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**IX-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №15/5**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 4-октябры

**Жаңы-Арык айыл аймагындагы «Кызарт -Таң нуру» бала бакчасынын имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүүгө дем берүүчү грантка долбоор даярдоо жана имаратынын капиталдык ремонтуна өздүк салымды кошуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун карап, депутаттардын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жаңы-Арык айыл аймагындагы «Кызарт-Таң нуру» бала бакчасынын имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүүгө КР Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка долбоор даярдалсын жана сунушталсын;
2. «Кызарт–Таң нуру» бала бакчасынын имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү үчүн долбоордун өздүк салымы катары Жаңы-Арык айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы үнөмдөлгөн каражатынан 531498 сом 63 тыйын которулуп берилсин;
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Түгөлбековго жүктөлсүн;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаңы-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**